


# mozaBook
## баштоо


- **mozaBook** 2
  Орнотуу, Баштоо, Экран картасы
  Публикацияларды ачуу
  PDF жана PPTге импорттоо
  Навигация, Публикацияларды жаңылоо
  Жаңы публикациялар
- **Экстра-мазмун** 14
  Динамикалык экстралар
  3D үлгүлөр жана видеолор, Катмарлар
  Куралдар жана оюндар
  Чийүү куралдары, Тест редактору
- **Дептерлер** 34
  Барак беттеринде иштөө
  Байланыштуу диаграмма, Анимация
  Геометриялык куралдар
  Кошумча эскертүүлөр жана шилтемелер
  Синхронизация, Шаблондор
  mozaWebдеги дептерлер
- **Башка мүмкүнчүлүктөр** 44
  Издөө, Жардамды кантип алса болот
  Мультимедиа жаздыруучу
  Басып чыгаруу, Колжазманы таануу
  Настройкалар, Үй иши, Класстык иш
  mozaBook бир нече платформада
  mozaBook жана mozaWeb
  Жаңылануу жана ой-пикир

## mozaBook деген эмне?

*mozaBook – бул окутууга оңой жана кызыктуу сабактарды өтүү үчүн даярдалган жана интерактивдүү такталар үчүн оптималдаштырылган презентациялык программалардын жыйындысы.*




## Программа кандай мүмкүнчүлүктөрдү сунуш кылат?

*Сиз программада өздүк дептериңизди ачып, ал тургай аларды PDF файлдарына импорттой аласыз. Өздүк дептериңизге жазууларды жазып, чийме чийип, сүрөт тартып жана ошондой эле медиатеканын интерактивдүү мазмундар менен толуктап, аларды ого бетер кызыктуу кылыңыз. Ошондой эле, презентацияларыңызды анимацияласаңыз да болот.*




*mozaBook программасын мектепте интерактивдүү такталарда колдонуу, үйдө компьютерлерде колдонуу оңой жана эң ылайыктуу болуп эсептелет.*

*Үйдөгү ыңгайлуу шартта өзүдүк презентацияларыңызды даярдап, аларды класстык иштерде колдонууга болот.*

*Онлайн синхрондоштуруу аркылуу, бардык мазмунга mozaBook орнотулган каалаган компьютерден кирүүгө болот.*




*Сиз mozaBookтан электрондук китептерди ачып жана алардын электрондук мазмунун (видеолор, аудио клиптер, 3D үлгүлөр жана көнүгүүлөр) менен толуктай аласыз. Бул программадан сунуштарды да ала аласыз. Окуучулардын көңүлүн буруп, теманы жакшыраак түшүдүнрүү үчүн кызыктуу презентацияларды, сабак пландарын жана жумушчу баракчаларын түзө аласыз.*

# mozaWeb






## Үйдөн окуу үчүн онлайн платформа

*Үйдөн окуу жана даярдоо үчүн иштелип чыккан mozaWeb программасы, mozaLearn окутуу системасынын бир бөлүгү болуп саналат. Бул программа окуучулар жана мугалимдер үчүн уникалдуу колдоо көрсөткөн программа болуп саналат. mozaWebди колдонуу үйдөн өз алдынча окууну жагымдуураак жана натыйжалуу кылат.*

- *Катталганыңыздан кийин, сиз mozaWebдин укмуштуудай жана интерактивдүү дүйнөсүн көрө аласыз. Бирок mozaWeb сунуш кылган бардык артыкчылыктарды колдонуу үчүн программага катталуу керектелет.*
- *mozaBookту колдонууда ар кандай окутуу мазмунуна кирүү үчүн каалаган интернет браузердин жардамы менен mozaBookту онлайн режиминде колдоно аласыз.*
- *Электрондук китептериңизди ачып, алардын беттерин барактап, бет бөлүмдөрүн чоңойтуп, жана ошондой эле, сабакка тиешелүү интерактивдүү экстра мазмундар менен ойной аласыз (3D үлгүлөр, видео сабактар, аудио файлдар жана көнүгүүлөр).*




## Медиатека

*Медиатекадагы бир нече миң интерактивдүү экстралардын ичинен, өзүңүзгө керек экстраларды тандап, аларды mozaWebдин орнотулган медиа плееринде дароо ачсаңыз болот.*

- *1300дөн ашык интерактивдүү 3D үлгүлөр*
- *Жүздөгөн видеолор*
- *Сүрөттөр, аудио файлдар, көнүгүүлөр жана башка экстралар*

## Куралдар жана оюндар

*100дөн ашык темага негизделген куралдарга жана оюндарга кирүү мүмкүнчүлүгүн аласыз. Аларды колдонуу аркылуу, сиз предметтик материалды практикада колдонууга жана буга чейин алынган билимдериңизди тереңдетүүгө уникалдуу мүмкүнчүлүк аласыз.*

## Жөнөкөй орнотуу

*Mozaik Education веб-баракчасынан mozaBook орнотуучусун жүктөп алыңыз. Орнотуу программасын иштетиңиз жана көрсөтмөлөрдү аткарыңыз ➊. Орнотуу аяктагандан кийин, иш столундагы белгичесин басуу аркылуу программаны иштетиңиз.*




## Кеңеш

*mozaBookту биринчи жолу иштеткениңизде, программаны сатып алгандагы лицензия кодун ➋ киргизиңиз. Эгер сизде лицензия коду жок болсо, Демо режимин тандаңыз ➌. Лицензия кодун текшерүү үчүн Интернет байланышы талап кылынат.*


## Системалык талаптар

**mozaBook**

- *Компьютер же ноутбук*
- *OS: Microsoft Windows 8.1 же андан кийинки жаңы версиялары*
- *Китептери жок 2 ГБ дисктеги бош орун (онлайн экстралары бар электрондук китеп топтомдорунун ар бир китеби үчүн 20–80 МБ талап кылынат; оффлайн экстралары бар топтомдордун ар бир китеби үчүн 1–2 ГБ талап кылынат)*
- *Кеминде 4 ГБ эстутум (кеңеш: 8 ГБ RAM)*
- *CPU: Intel Pentium 4 же андан кийинки жаңы версиялары, AMD Athlon же андан кийинки жаңы версиялары*
- *GPU: 3D үчүн графикалык карта, 256 МБ*
- *Дисплейдин ачылышы: мин. 1024 x 768*

## mozaBook лицензия коду

*Лицензия коду сиздин укуктуу колдонуучу экениңизди текшерүү үчүн кызмат кылат. Бир лицензия коду менен, сиз бир эле учурда бир гана компьютерде mozaBookту иштете аласыз. (Көбүрөөк маалымат алуу үчүн 59-бетти караңыз.)*



# mozaWeb аккаунт

## mozaWeb аккаунту деген эмне?

*mozaWeb аккаунту – mozaBook медиатекасынын интерактивдүү мазмунуна (3D үлгүлөргө, видеолорго, аудиолорго, сүрөттөргө жана интерактивдүү көнүгүүлөргө) кирүүгө жана бир нече компьютерде түзүлгөн мазмунуңузду бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берген онлайн аккаунт. mozaWeb аккаунтуңузга кирип, mozaBook программасын колдонбостон, электрондук китептерге жана интерактивдүү мазмунга кире аласыз.*

*Эгер mozaWeb аккаунтуңуз бар болсо, колдонуучу атыңызды жана сыр сөзүңүздү гана киргизиңиз ❶. Эгер mozaWeb аккаунтуңуз жок болсо, анда жаңы mozaWeb аккаунтуңузду ачыңыз.*


*Кеңеш • Өздүк дептериңизди mozaLearn веб аккаунтуңузга жүктөп, mozaBook бар каалаган компьютерде колдонуңуз. Дептериңиздин ар дайым синхрондоштурулуп турушун кааласаңыз, анда өзгөртүүлөрдү автоматтык түрдө сактоо режимин, аккаунтуңузга орнотуп алыңыз.*





## mozaWeb аккаунтун ачуу

*mozaBookту биринчи жолу иштеткениңизде, өзүңүздүн mozaWeb аккаунтуңузду ачуу үчүн жаңы аккаунт ачуу баскычын ❷ басыңыз. Биринчи өздүк маалыматыңызды киргизип ❸, андан соң "Ачуу" баскычын басыңыз ❹.*

*Жаңы колдонуучу атыңыз жана сыр сөзүңүз электрондук почта аркылуу жөнөтүлөт. mozaWeb порталына кирүү үчүн аларды колдонуңуз. Колдонуучу атыңыз жана сыр сөзүңүз автоматтык түрдө түзүлгөндүктөн, сиз mozaWebге кирип, Профиль менюсундан сыр сөзүңүздү өзгөртө аласыз.*



# mozaBook локалдык колдонуучусу


## mozaBook локалдык аккаунтун ачуу

*Компьютериңизде mozaBookту колдонуу үчүн локалдык аккаунт ачуу керектелет.*

*Программага кирүү үчүн төмөнкүлөрдү колдонуп,*

- *өздүк дептериңизди түзүңүз,*
- *публикацияларга киргизген өзгөртүүлөрүңүздү сактаңыз,*
- *колдонуучу параметрлерин ыңгайлаштырыңыз.*

*Колдонуучунун атын ❶ жана сыр сөздү ❷ киргизип, аватарды тандаңыз ❸.*






## Бир нече mozaBook локалдык аккаунт

*Бир эле компьютерде бир нече mozaBook локалдык аккаунт ачсаңыз болот. Аккаунтуңузду төмөнкүлөргө байланыштырсаңыз болот:*

- *учурдагы mozaWeb аккаунтуңузга ❹,*
- *жаңы mozaWeb аккаунтуңузга ❺.*

*Бирок бул иш-аракетти өткөрүп жиберсеңиз да болот ❻. Ошондой эле, Настройкалар менюсунан mozaWeb аккаунту меню пунктун ❼ тандоо аркылуу, mozaWeb аккаунтуңузга кирсеңиз болот.*




## Кеңеш

*Эгерде сиз mozaBookту бир нече компьютерде колдонсоңуз, анда локалдык колдонуучуларыңызды бир mozaWeb аккаунтуна туташтырып койсоңуз, анда ар кыл компьютерде бирдей мазмунду көрө аласыз.*

## Кирүү

*mozaBookта колдонгуңуз келген тилди ❶ жана түзмөгүңүздүн экранына туура келген масштабты тандаңыз ❷. Аватарыңызды тандап, ❸ сыр сөзүңүздү киргизиңиз ❹.*

- *Ачуу үчүн публикацияны тандаңыз ❺.*
- *Жаңы дептер түзө аласыз ❻.*
- *Акыркы жолу токтогон жерден уланта аласыз ❼.*
- *Кааласаңыз жаңы локалдык аккаунт ача аласыз.*







## Публикацияны тандоо

*Терезенин ылдый жагындагы жеткиликтүү китептерди жана дептерлерди жылдырып, публикацияны тандаңыз. Эгер тизме өтө узун болсо, анда сабактын, класстын жана публикациянын түрү боюнча чыпкалап алсаңыз болот ❽.*

*Публикациянын мукабасын же белгичесин басып ачыңыз ❾. Ушул эле жерден Жаңы дептер түзүп, же Баштапкы абалды ачуу функцияларын тандай аласыз.*

*Программаны жабуу же кирүү экранына кайтуу үчүн жогорку оң бурчтагы x белгичесин басыңыз ❿.*

# Экран картасы






## 1. Публикациянын кошумча барактары

Бир эле учурда бир нече публикация-ларды ачып, өтмөктөрдү басуу менен активдүү болушу керек болгон публикацияны тандай аласыз.

## 2. Куралдар

Тематикалык тиркемелери жана логиканы, чеберчиликти өнүктүрүү оюндары иллюстрация жана тестирлөө максатында иштелип чыккан. Куралдардагы тексттик жана визуалдык мазмунду, mozaBook публикацияларына жана дептерлерине импорттоого болот.

## 3. Настройкалар

Сиздин муктаждыктарыңызга ылайыктуу программаны ыңгайлаштыруу үчүн панелди колдонуңуз. Бул сиздин ишиңизди тездетет жана жагымдуу кылат.

## 4. Куралдар панели

Куралдар панели белгилүү бир программанын функцияларына жетүүнү камсыз кылат.

## 5. Дептердин жаңы бети

Бул куралды колдонуп, жаңы дептерди ачыңыз же ачылган дептерге жаңы бетти кошуңуз.

## 6. Медиатека

Интерактивдүү мазмунду карап чыгыңыз жана издеңиз: 3D үлгүлөр, сүрөттөр, видео жана аудио файлдар.

## 7. Мультимедиалык жаздыруучу

Скриншотторду же экран бөлүмдөрүн сактаңыз, аудио же видео жазууларды жасаңыз.

## 8. Жардам

mozaBook Help, программанын бардык функцияларын колдоо үчүн иштелип чыккан. Программаны жана куралдарды туура колдонууну үйрөнүү үчүн видео жардамды көрүңүз.

## 9. Активдүү куралдар

Тандалган куралдарды, атайын белгиче катары же үстүн басканда ачыла турчу сүрөтчө (эскиз) катары китептерге жана дептерлерге кадап коюга болот.

## 10. Панелдер тактасы

Ачык публикацияларга жана терезелерге каалаган убакта бул жерден кире аласыз.

## 11. Калем кутучасы

Сүрөт тартуу жана чийүү куралдарына бул жерден оңой жете аласыз. Экрандан тандаган элементтерди таштанды челекке сүйрөө аркылуу, оңой өчүрө аласыз.

## 12. Чыгармачыл сүрөт тартуу куралдары

Китептерди жана дептерлерди иллюстрациялоо үчүн, сүрөт куралдарын колдонуңуз.

# Публикацияларды ачуу

## 1. Публикацияларды кайдан тапса болот?


Куралдар панелиндеги Ачуу белгичесин басыңыз ❶. Жеткиликтүү болгон публикацияларды көрүү үчүн, Китептер менюсун тандаңыз ❷. Китептериңизди же дептертериңизди алмаштыруу үчүн, кошумча барактарды колдонуңуз ❸.

## 2. Публикацияны кантип ачуу керек?

Публикацияны ачуу үчүн аны басыңыз ❹. Эгерде публикациялардын тизмеси өтө узун болсо, үстү жагында жайгашкан чыпкалоо функциясын колдонуу менен, темасы же классы ❺ боюнча чыпкалоо функциясын колдонуңуз.

PDF


Импорттоо/Экспорттоо менюсундан PDF файлдарын да ачууга болот ❻. Файлдарды ачкан соң, кадимки дептер сыяктуу эле колдонсоңуз болот.





## 3. Ачык публикацияларды кантип алмаштыруу керек?

Терезеде ачкыңыз келген публикацияны тандоо үчүн, негизги терезеде жайгашкан кошумча өтмөктөрдү басыңыз ❼.


Ошондой эле Куралдар панелиндеги ❽ Панельдер тактасынын белгичесин басып, ачык публикацияларды бири-биринин ортосунда алмаштырсаңыз болот.




## 4. Публикацияларды кантип сактоо керек?

Куралдар панелиндеги Ачуу белгичесин басып, калкыма менюдан Сактоо менюсун тандаңыз ❾. Ошондой эле панельдер тактасынын белгичесин ❽, андан соң публикация аталышынын жанындагы Сактоо белгичесин басып, ар кандай өзгөртүүлөрдү сактасаңыз болот.




## 5. Публикацияларды кантип жабуу керек?

Публикация өтмөгүндө жайгашкан публикациянын аталышынын баш жагындагы x белгисин басыңыз ❿. Публикацияларыңызды панельдер тактасынан ⓫ жапсаңыз болот.


# PDF жана PPT импорттоо


## PDF жана PPT импорттоо өзгөчөлүгү

*mozaBook программалык топтому, PDF жана PPT файлдарын импорттоого мүмкүндүк берет. Сканерленген файлдар, mozaBook китептери жана программада түзүлгөн дептерлер сыяктуу эле иштейт. Аларды көрсөтүүгө, беттерин барактоого жана чоңойтуп көрүүгө болот, ошондой эле, интерактивдүү мазмунду mozaBook Медиатекасына киргизүүгө болот.*

- *Импорттолгон PPT файлдарындагы слайддарды өзгөртсөңүз болот.*
- *Эгерде дайыма PDF форматында колдонгон китебиңиз болсо, аны mozaBook алкагында да колдонсоңыз болот.*






## PDF импорттоо

*Куралдар панелиндеги Ачуу белгичесин ❶ басып, "Импорттоо/Экспорттоо" менюсунан PDF импорттоо менюсун тандаңыз ❷.*

*Өзүңүзгө керектүү файлдарды, калкыма Медиатека терезесинен тапсаңыз болот ❸. Өз компьютериңизден ❹ же Интернеттен ❺ издесеңиз да болот.*


*Тандалган PDF файлын, Импорттоо же Жүктөө баскычтарын басып ачсаңыз болот ❻.*

## PDF файлын mozaBook дептери катары сактоо


*Импорттолгон PDF файлдарын, дептер катары сактоого болот ❼.*

*Ал файлга аталыш киргизип, мукаба сүрөтүн кошуңуз. Сабакты жана классты тандап, мазмунга тиешелүү айрым кененирээк маалыматтарды киргизиңиз.*

*Андан соң, PDF файлын ача турган публикациялардын арасынан табыңыз.*



# Публикациялардагы навигация




## 1. Навигациянын негизги функциялары

Публикацияны ачкандан кийин, белгилүү бир бетке өтүү үчүн куралдар тилкесинде жайгашкан жебелерди ❶ же барак номери менюсун колдонуп ❷ барактардын ортосунда алмаштыра аласыз.

## 2. Барактын мазмуну жана сүрөтчөлөрү

Мазмунду ачуу үчүн Куралдар панелиндеги ❸ Мазмуну белгичесин басыңыз. Сиз бөлүмдүн аталышын басканыңызда, программа дароо керек болгон бетке өтөт.

Калкыма терезенин ❹ башындагы өтмөктөрдү колдонуп, Мазмун көрүнүшү жана Барактар көрүнүшү (акыркысы барактын сүрөтчөлөрүн көрсөтөт) ортосунда барактарды которууга болот. Мазмунду көрүү үчүн ❺, сиз тандаган барактын сүрөтчөсүнө басыңыз.




## 3. Көрүнүштөр жана чоңойтуу

Барак бөлүмдөрүн, текст кутучаларын жана сүрөттөрдү чоңойтуп көрүүгө болот.

Барак бетин көрүү менюсун ❻ колдонуп:

- бет бөлүмдөрүн чоңойтуңуз
- бир беттик көрүнүшүн, кош барак көрүнүшүнө которуңуз
- эгер бир нече публикациялар ачык болсо, кош китеп көрүнүшүнө өтүңүз.


Кош китеп көрүнүшүндө, сиз китептерди же дептерлерди, баш жагында жайгашкан жебелер аркылуу, терезенин эки капталынын ортосуна жылдыра аласыз ❼. Мындайча, бир эле учурда алтыга чейин публикацияны ачууга болот.

## 4. Маскировкалоо

Бет бөлүмдөрүн же бүтүндөй бетти убактылуу маскировкалоо ❽ же презентацияларыңыз учурунда фонду жашырып же караңгылатып алууну сунуштайбыз.

Бул функцияны колдонуу үчүн Куралдар панелиндеги Маска сүрөтчөсүн басыңыз ❾.

Тик бурчтуу же эллиптикалык маскаларды тандап, алардын өлчөмүн өзгөртүп, тескери ❿ же барактын каалаган жерине жайгаштырсаңыз да болот.




# Публикацияларды жаңылоо

## Публикацияларды жаңылоо

*Кээ бир mozaBook публикациялары өзгөрүүгө дуушар болгондуктан (мисалы, жаңы маалымат жана экстралар менен толукталуу), публикациялардын актуалдуулугун жоготпоо үчүн, маал маалы менен аларды жаңылап туруу керектелет.*

*mozaBookка киргениңизде, mozaBooktун публикацияны тандоо интерфейси, mozaBook публикацияларынын жаңы версиялары жөнүндө кабарлап турат. Ал жаңылоону компьютериңизден таап, жүктөп алсаңыз болот ❶. Публикацияны тандап, Жүктөө ❷ баскычын басуу менен, сиз аны оңой жаңылай аласыз.*




## Кеңеш

*• Ачык панелдеги Китептер менюсун ❸ тандап, публикацияларыңыздын учурдагы абалын көзөмөлдөй аласыз. Жаңылоолорду жана жүктөөлөрдү да ошол жерден башкара аласыз ❹.*

## Дептерлерди жаңылоо (синхрондоштуруу)


*Эгер дептериңиз үчүн да синхрондоштуруу функциясын колдонсоңуз, анда программа китеп жаңылоолору сыяктуу эле, онлайн аккаунтуңуздагы дептерлерди жаңылоо боюнча эскертүү берип турат. Мындайча айтканда, сиз дептериңизди ар дайым синхрондоштуруп тура аласыз.*

# Жаңы публикациялар

## Жаңы публикацияларды сатып алуу

*Жаңы mozaBook публикацияларын mozaWeb онлайн дүкөнү аркылуу сатып алып, mozaBook программасы менен, публикациялар колдонула турган компьютериңизге жүктөп алыңыз.*

- *Сатып алуу үчүн, аккаунтуңузду жана сыр сөзүңүздү mozaWebге киргизиңиз.*
- *Интернет-дүкөндөн сатып алуу үчүн, алгач электрондук публикацияларды тандап, андан соң сатып алуу инструкцияларын аткарыңыз.*
- *Сатып алууну аяктагандан кийин, публикацияңыздын активдештирүү коду электрондук кат аркылуу жөнөтүлөт.*





## Кеңеш

*mozaBookта онлайн дүкөндү ачуу үчүн, "Жаңы китеп кошуу" белгичесин басып ❶ жана "Онлайн сатып алууну" тандаңыз ❷.*


## mozaBookка жаңы публикация жүктөлүүдө

- *Сатып алууну аяктап, публикацияны активдештирүү кодун mozaWeb каттоо эсебиңизден тастыктаган соң, аккаунтуңузга туташкан локалдык ID менен, mozaBookка кириңиз.*

  *Публикация жаңылоолорундагыдай эле, программа китеп тандоо интерфейсинде жаңы публикация бар же жок экенин көрсөтөт ❸. Публикацияны тандап, Жүктөө белгисин басыңыз ❹.*




- *Эгер сиз алган активдештирүү коду mozaWeb аккаунтуңузга киргизиле элек болсо, жаңы китеп Кошуу менюсунан Китепти активдештирүү коду функциясын ❺ тандаңыз. Калкыма панелине жарыялоо үчүн кодду киргизиңиз ❻ жана аны жүктөп алыңыз. Андан соң публикация сиздин mozaWeb аккаунтуңузга туташып, ага башка компьютерден да кире аласыз.*



# Экстра-мазмун

## Публиткациялар үчүн кошумча мазмун

*Даяр визуалдык материалдар, mozaBook публикацияларындагы атайын белгичелерди басуу менен ачылуучу электрондук мазмундарды камтыйт (3D үлгүлөрдү, видеолорду, аудио клиптерди, сүрөттөрдү, интерактивдүү көнүгүүлөрдү ж.б.). Экстра мазмунга кирүү үчүн, бул белгичени басыңыз ❶.*

- *Экстра мазмун, сабактарды укмуштуудай кызыктуу кылып, визуалдаштырып үйрөнүүнү тездеткендиктен, окутуу процессинин деңгээлин дагы да жогорулатат.*

## 3D үлгүлөр ❷

*3D үлгүлөрдүн жардамы менен, байыркы замандарда колдонулган курал-жарактар жана азыркы учурда колдонулган механизмдер менен таанышып, байыркы кылымдарга сейилдеп, адам организминин сырларына жана химия дүйнөсүнө чөмүлө аласыз.*

- *Айландырууга жана чоңойтууга мүмкүн болгон 3D үлгүлөр.*
- *Үйрөнүүгө оңой, бирдиктүү колдонуучу интерфейси.*
- *Көптөгөн 3D үлгүлөрдү, баяндоолор менен коштолгон анимациялардын жардамы менен изилдөө мүмүнчүлүгү.*

## Видеолор ❸

*Публикацияларга киргизилген видеолор төмөнкүлөрдү камтыйт:*

- *физика, химия жана биология эксперименттери,*
- *жаратылыш видеолору, документалдык жана видео сабактар,*
- *жомоктор, адабий чыгармалар, фильмдерден үзүндүлөр жана башка видеолор.*


*Публикациялар ошондой эле аудио файлдарды, чиймелерди, сүрөттөрдү, түшүндүрмө иллюстрацияларды жана интерактивдүү көнүгүүлөрдү камтышы мүмкүн.*




## Өздүк мазмун жана жумушчу баракчалары

*Экстралардан тышкары, Медиатека публикацияларга ыңгайлаштырылган мазмунду киргизүүгө да мүмкүнчүлүк берет. Тест редакторду же куралдарды оңой эле колдонуп, кызыктуу жумушчу баракчаларын даярдаңыз. Даяр болгон жумушчу барактарын, публикацияларыңызга киргизсеңиз же үй тапшырма катары берсеңиз да болот ❹.*


# Динамикалык экстра мазмун




## Динамикалык экстралар

mozaBook ачык публикациянын жана PDF файлдын темасына дал келген экстра мазмунду, автоматтык түрдө толуктай алат.

Куралдар панелиндеги Экстра белгичесин ❶ басып, калкыма терезедеги Динамикалык экстраларды ❷ иштетиңиз.






## Кантип тандоо керек?

Динамикалык экстралар терезесинен ❸ публикацияңызга байланыштуу экстралардын тизмесин көрө аласыз. Тизмедеги элементтерди эки жолу басуу аркылуу ачып ❹; өзүңүзгө керектүү мазмунду табыңыз.

## Издөө жыйынтыктарын кантип натыйжалуу кылса болот?

- Издөө жыйынтыктарынын жанындагы жылдызчанын түсүн өзгөртүп, баа бериңиз ❺.
- Изделе турчу жаңы ачкыч сөздөрдү киргизиңиз ❻ жана тизмени жаңыртыңыз ❼.

Сиз тандаган экстраларды түздөн-түз дептериңизге жана китебиңизге алып барып кыстарыңыз ❽. Мындайча сиз аларды, ушул эле жерден ача аласыз.

## Кеңештер

- Эгерде сунушталгандардын арасынан керектүү экстраны таппай жатсаңыз, анда Медиатеканы ❾ түздөн-түз панелден ачып, айрымдарын өз алдынча издесеңиз болот.
- PDF файлдарын импорттоодо, динамикалык кошумча функцияны иштетсеңиз, жеткиликтүү болгон экстралардын тизмеси, файл ачылар замат, автоматтык түрдө көрсөтүлөт.


# 3D үлгүлөр


## 1. 3D мазмунду кайдан тапса болот?

*Куралдар панелиндеги Медиатека белгичесин басып ❶, 3D менюну тандаңыз ❷. Медиатекада тандалган 3D үлгүнү эки жолу басып ачсаңыз же ачык публикацияңызга түздөн-түз жайгаштырсаңыз болот.*

*Тематика боюнча издөө.* ③








## 2. Чыпкалоо жана издөө

*Сиз көрүп жаткан мазмундарды темасы жана классы боюнча чыпкалоого болот ❸.*

*Эгерде белгилүү 3D үлгүнү издеп жатсаңыз, анда Издөө менюсун тандаңыз ❹.*



# 3D үлгүлөр • Меню

## 1. 3D менюну кайдан тапса болот?


*Куралдар панелиндеги Куралдар белгичесин басып ❶, 3D менюну тандаңыз ❷. 3D менюну манжаңыз менен өйдө-ылдый жылдырып, аларды карап чыгыңыз.*

## 2. 3D мазмунду кантип табуу керек?

*3D менюсунун ылдый жагындагы белгичелерди колдонуп, Теманы тандаңыз ❸. 3D меню сиз тандаган темага байланыштуу 3D үлгүлөрдү көрсөтөт. Керек болгон 3D үлгүлөрдү ачуу жана тандоо үчүн, анын аталышын басыңыз ❹.*




*Сабакты тандоо* ❸




## 3. 3D үлгүлөрдү ачуу


*Ачкыңыз келген 3D үлгүнү басканыңызда, анын чоңойтулган сүрөтү чыгат ❺. Аны ачуу үчүн Баштоо баскычына басыңыз. Чоңойтулган үлгүнүн каалаган жерин эки жолу бассаңыз, 3D менюсуна кайра кайта аласыз.*




## Настройка параметрлеринин мүмкүнчүлүктөрү

*3D плеерди настройкалаңыз.*


- *Үлгүнү кичирейтип же чоңойтуу үчүн, сол же оң четтерин өйдө-ылдый жылдырыңыз ❶ же эки манжаңызды колдонуңуз.*
- *Манжаңызды экрандын үстүндө коюп ❷, үлгүнү айландырыңыз жана өзүңүзгө жаккан көрүнүштү тандаңыз.*
- *Терезенин төмөн жактагы баскычын басып, алдын ала коюлган көрүнүштөрдү жана үлгүлөрдү тандаңыз ❸.*
- *Экрандын ылдый жагындагы сол же оң бурчтарын бассаңыз же экрандын каалаган жерин манжаңыз менен кармап турсаңыз, Тез меню чыгат ❹. Сиз ал менюдан дагы башка настройка параметрлерин таба аласыз.*




## Кеңештер

*3D үлгүгө тиешелүү маалыматты жана аталыштарды көрсөтүп же жогорудагы белгичени басып, тиешелүү үлгүлөрдү карап чыгыңыз ❺.*
*Тез менюдагы ❻ тексттен-сөзгө-өтүү функциясын иштетип, угуу үчүн алардын аталышын ❼ басыңыз.*
*Камтылган анимацияны көрүп, баянды угуңуз ❽.*
*Андан соң,төмөн жактагы Викторина баскычын басып, 3D үлгүлөргө ❾ тиешелүү викториналык суроолорго жооп бериңиз жана көнүгүүлөрдүн ар кандай түрлөрүн аткарыңыз.*




## *Жөө Жүрүү функциясы*

*Кээ бир 3D үлгүлөрдө Жөө Жүрүү белгичесин ❶ басып, окуянын айланасында саякаттай аласыз.*

- *Экрандын ылдый жагындагы джойстикти ❷ колдонуп, Акрополду кыдырыңыз же Бастилия мунарасынын көрүнүшүнөн ырахат алыңыз.*
- *Ошондой эле 3D үлгүдөгү тандалган чекиттердин тушун басуу менен, мейкиндик ичинде саякаттай аласыз.*

*Кеңеш • Учурда ачык турган 3D үлгү экранынын Скриншот белгичесин басуу ❸ аркылуу Скриншоттон, учурдагы дептериңиздин же китебиңиздин барактарынын бирине сүрөт катары киргизе аласыз. Тез менюга киргизген сүрөтүңүздүн өлчөмүн өзгөртүп, жылдырып же ача аласыз.*





## *Публикациянын беттериндеги интерактивдүү моделдер*





*Дептерлердин жана китептердин барак беттерине, 3D үлгүлөрдүн интерактивдүү, айлануучу элементтерин киргизе аласыз. Бир жолу киргизилген элемент, арткы фону же алкагы жок эле, көз карандысыз компонент катары иштейт. 3D үлгүнүн башындагы Китеп белгичесин ❹ басып, тандалган элементти ❺ публикацияңыздын барагына алып барып жайгаштырыңыз ❻.*




## 1. Видеону кайдан табуу керек?

*Куралдар панелиндеги Медиа белгичесин ❶ басып, Видео меню пунктун ❷ тандаңыз.*

*Медиатекада чыккан видеону ачуу үчүн, анын үстүнө эки жолу басыңыз.*





*Тематика боюнча издөө.* ❸




## Кеңеш

*Публикацияңызга видеолорду кичинекей же чоң белгиче, сүрөт же интерактивдүү элемент катары киргизе аласыз.*





## 2. Издөө жана видеону ачуу


*Ачылуу менюсундан тема боюнча издеңиз, мисалы "Тема..." ❸. Эгер белгилүү бир видеону издеп жатсаңыз, анда негизги терезедеги ❹ же плеердеги ❺ Издөө функциясын колдонуңуз. Тандаган видеонун үстүнө эки жолу басып ачыңыз. Дептериңизге же публикацияңызга видеону кыстаргыңыз келсе, анда кыстаруу функциясын колдонуңуз же алып барып жайгаштырыңыз ❻.*

*Кошумча кызыктуу мазмун үчүн, байланыштуу видеолорду карап чыгыңыз ❼.*

## 1. Видеону кайдан табуу керек?

Куралдар панелиндеги ❶ Куралдардын белгичесин басып, Видео китепкана куралын тандаңыз ❷.






Манжаңыз менен видео китепкананы өйдө-ылдый жылдырып, видеолорду карап чыгыңыз. Видеону тандаган соң, аны ачыңыз ❸.







## 2. Издөө жана видеону ачуу

Видео китепкананын ылдый жагындагы белгичелерди басып, Теманы тандаңыз. Видео китепкана, сиз тандаган темага байланыштуу видеолорду ачат ❹. Байланыштуу видеолорду көрсөтүү жана тандоо үчүн, анын атын басуу керек. Видеону басып, ачыңыз. Экрандын ортосун басып, видеону токтотууга же кайра баштатууга болот ❺. Видеону алдыга же артка жылдыруу үчүн, терезенин оң же сол тарабын басыңыз ❻.

## Кеңештер ❼

Толук экран режимине өтсөңүз болот.

Байланыштуу видеолорду көрсөтсөңүз болот.

Видео китепканага кайра кайтсаңыз болот.

## 1. Публикациядагы катмарлар

Бири-бирине байланыштуу болгон катамарларды, ачып жана өчүрүүгө болот. Катмарлар, жөнөкөй публикация мазмунун жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрүн сунуштайт.


- ар кандай экстра мазмунду (сүрөттөрдү, видеолорду, 3D үлгүлөрдү, көнүгүүлөрдү ж.б.), mozaBook публикацияларынын катмарларында (Mozaik экстралар) сактайт ❶.
- Кээ бир публикациялар дагы, ошондой эле катмарларды камтыйт (Чечимдер).
- Публикацияларга ар кыл чиймелерди чийип, бөлүп көрсөтүп же ага экстра мазмунду кошуп, өзүңүздүн катмарыңызды (Катмарым) жасай аласыз ❷.
- Башкалар бөлүшкөн катмарларын да колдонсоңуз болот (Колдонуучу катмарлары) ❸.





## 2. Катмарларды колдонуу

Куралдар панелиндеги Катмарлар белгичесин басып, Катмарларды настройкалаңыз ❹.


Бул менюдан, сизге жеткиликтүү публикациянын катмарларын таап, аларды ачыңыз.




**Кеңеш** • Байланыштуулар менюсундагы ❺ Медиатеканы колдонуп, публикациянын мазмунуна ылайыктуу, кошумча дептерлерди жана иш барактарды ачыңыз.


## 3. Синхрондоштуруу жана бөлүшүү




Өз катмарларыңызды mozaWebге жүктөп, аларды жалпыга ачык кылуу менен башкаларга жеткиликтүү кыла аласыз. Ал үчүн куралдар панелиндеги Ачуу белгичесин басып ❻, Бөлүшүү менюсун ❼ тандаңыз. Автоматтык синхрондоштурууну ❽ тандоо менен, сиз өз катмарларыңызды автоматтык түрдө mozaWeb онлайн эсебиңизге сактайсыз. Мындайча сиздин публикацияларыңыз ар дайым синхрондоштурул турат. Эгерде Интернет байланышыңыз жок болсо, сиз публикацияларыңызды Синхрондоо менюсунан флеш-диск ❾ менен синхрондоштура аласыз.

## 1. Куралдарды кайдан табууга болот?

Куралдар панелиндеги, куралдардын белгичесин басыңыз ❶.




Куралдар менен оюндардын ортосунда которулуу үчүн, кошумча өтмөктөрдү колдонуңуз ❷.





## 2. Керектүү куралды табуу

Куралдарды сабактар же класстар боюнча иреттөө үчүн чыпкалоо функциясын колдонуңуз ❸. Эгер куралдарды колдонууда жардам керек болсо, көрүнүштү өзгөртүп ❹, mozaBook жардамын жана видео сабакты ❺ колдонуңуз. Эгерде куралды сүйүктүү катары белгилеп ❻, аларды ылайыкташтырып ❼ иреттеген болсоңуз, анда курал тизмекин башына жайгаштырылат.




## 3. Акыркы абалды сактоо жана куралдарды киргизүү

Куралдын учурдагы абалын (мисалы, даярдалган эксперимент же ачылган көрүнүш) сактоо үчүн, Кыстаруу менюсун колдонуп, аны ачык публикацияга киргизип сактаңыз ❽. Куралдарды кичинекей же чоң белгичелер ❾, сүрөттөр же интерактивдүү элементтер катары, өзүңүздүн публикацияңызга киргизсеңиз болот. Эгерде сиз куралды интерактивдүү элемент катары киргизсеңиз ❿, анда аны дептериңизде да колдоно аласыз.





**Кеңеш** • Презентацияларыңызды куралдардын тексттик жана визуалдык мазмунун китептериңизге жана дептериңизге өткөрүү аркылуу даярдасаңыз болот ⓫.

# Куралдардын түрлөру

## Көндүмдөрдү өнүктүрүү оюндары ▼

*Бул куралдар, кичинекей окуучулардын көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Ошондой эле, бул куралдар, окуучулардын кызыгуусун арттырып, алган билимдерин оюн аркылуу тажрыйба жүзүндө үйрөнүүгө мүмкүндүк берет.*

**mozaTools**
*Көбөйтүү таблицасы*




## Тажрыйба үчүн куралдар

*Бул куралдар, окуучуларга көнүгүү аркылуу алган билимдерин тажрыйбада колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Бул программа, тапшырмалардын жоопторун баалайт, сактайт жана окуучуларды тез ой-пикир менен камсыз кылат.*


## Иллюстрациялык куралдар ▶

*Окутулуп жаткан сабактын өзгөчөлүгүнө жараша, максаттуу пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү жыйнактар. Бул жыйнактар, айрым мектеп сабактарын окутуу үчүн зарыл болгон бардык куралдарды өзүнө камтыйт.*



**mozaTools**
*Музыкалык аспаптар*






**mozaTools**
*Электропанель*

## ◀ Виртуалдык эксперименттик куралдар

*Бул татаал инструменттердин жардамы менен, интерактивдүү тактада же компьютерде реалдуу эксперименттерди имитациялоого болот. Ар түрдүү жана ар кандай оордуктагы эксперименталдык макеттерди түзүүгө, эми толук мүмкүнчүлүгүңүз бар.*


## Убакытка болгон саякат

*Убакыт машинасы, белгилүү адамдарды же тарыхый инсандарды ар кандай форматта көрсөтөт.*

***Хронологиялык көрүнүш*** • *адамдар иш-аракеттер боюнча топтоштурулган убакыт тилкесинде көрсөтүлөт* ❶.


***Мамилелер көрүнүшү*** • *белгилүү бир адамдын маалыматтарын чыпкалоо критерийлеринин негизинде 30-40тан ашык адам көрсөтүлөт. Чыпкалоо критерийлерин Орнотуулар менюсундагы* ❷ *белгичелерди* ❸ *жылдыруу менен өзгөртсөңүз болот.*



## Бул кандай иштейт

*Убакыт машинасын ачыңыз. Хронологияны жылдыруу аркылуу, тарыхтагы белгилүү инсандарды көрүңүз. Көрүнүштөр арасында которулуу үчүн куралдар панелиндеги* ❹ *сүрөтчөлөрдү басыңыз. Эгерде белгилүү бир адамды издеп жатсаңыз, издөө тилкесин* ❺ *колдонуңуз.*





*Экрандагы адам сүрөтчөсүн басып* ❻, *калкыма менюдагы башка функцияларды колдонуңуз* ❼.

- *Тандалган адам менен мамилелер көрүнүшүнө өтүү.*
- *Темаңызга тиешелүү Wikipedia макаласын ачуу.*
- *Тандалган адамга тиешелүү башка маалыматтарды жана окуяларды көрсөтүү.*

## Викторина

- *Көнүгүү баскычын басыңыз* ❽.
- *Суроо бере турган адамды тандаңыз (издөө* ❾ *жана чыпкалоо* ❿ *функцияларын колдонуп).*
- *Көнүгүү түрүн тандап, оюнду баштатыңыз.*

*Оюнду аяктоо үчүн чектөөлөр болгондуктан, ар бир оюнга үч гана жолу туура эмес жооп берүүгө уруксат берилет. Кийинчерээк Көнүгүүлөрдү Тест редакторунда өзгөртсөңүз болот.*




## Таасирдүү эксперименттер жана оюндар

Механикалык куралды колдонуп, динамика мыйзамдарын, ар кандай күчтөрдү жана кыймыл түрлөрүн реалдуу физикалык чөйрөдө изилдеңиз. Механикалык куралды ачып, экспериментиңиздин баштапкы абалына келтирүү үчүн, Куралдар топтомундагы ❶ объекттерди колдонуңуз.


- Тактадан тандаган объекттерди алып барып, жайгаштырыңыз ❷.
- эгер кааласаңыз, алардын өлчөмүн өзгөртүңүз же айлантыңыз ❸;
- конкреттүү объект үчүн, тез менюдан кошумча функцияларды табыңыз ❹ (объекттерди көчүрүү, өчүрүү жана бекитүү же аларды настройкалоо).

Экспериментти жүргүзүү үчүн Ачуу ❺ белгичесин басыңыз.




## Тез жана оңой

Алдын ала ачылган экспериментти же оюнду тандоо үчүн, Үй белгичесин басыңыз ❻. Тандаган моделиңизди жандандыруу үчүн, Ачуу белгичесин басыңыз.





Экспериментти же оюнду дептериңизге сүрөт катары да киргизсеңиз болот ❼.

## Эксперимент кылыңыз


Өзгөртсөңүз эмне болот


- эксперименталдык куралдардын настройкалары ❽,
- MP3 ойнотуу ылдамдыгы ❾ же
- тартылуу күчүнүн чоңдугу ❿?




## 1. Оюндарды кайдан табуу керек?

*Куралдар панелиндеги Оюндар белгисин басын ❶.*





*Куралдар менен оюндардын ортосундагы которулуу өтмөктөрүн колдонуңуз ❷.*



## 2. Эң мыкты оюндарды табыңыз

*Тилди, математиканы, логиканы жана концентрацияны өнүктүрүүчү оюндардын кеңири спектрин тандаңыз. Баштоо үчүн оюнду басыңыз да, көңүл ачыңыз!*




## 3. Кеңеш

*Оюнду ачкандан кийин, анын суроо белгичесин ❸ басып, оюндун сүрөттөмөсүн окуңуз.*










## Кеңеш


*Оюндарды кичинекей же чоң белгиче, сүрөт же интерактивдүү элемент катары, публикацияңызга киргизсеңиз болот ❹.*

# Сүрөт тартуу куралдары




## 1. Сүрөт тартуу жана чийүү куралын кайдан тапса болот

*Сүрөт тартуу куралын, бир нече жол менен ачасаңыз болот. Куралдар панелиндеги Сүрөт Тартуу белгичесин ❶ же Калем Кутусун ❷ басын, же экрандын ылдыйкы бурчтарынын бирини басып ача аласыз ❸.*




*Дагы да көбүрөөк функцияларды колдонуу үчүн, "Сыйкырдуу баш кийим" белгичесин ❹ басыңыз. Бул белгичени басып, куралдын жөнөкөй же өркүндөтүлгөн версиясын тандай аласыз.*



## 2. Бул эмне үчүн колдонулат

*Публикацияларыңызга иллюстрацияларды киргизүү үчүн, mozaBookтун сүрөт куралдарын колдонуңуз.*



| | |
|---|---|
| *кол менен сүрөт тартуу* | *сызыктын сегменттерин чийүү* |
| *ийри сызыктарды чийүү* | *форма таануу калеми* |
| *текст таануу калеми* | *бара-бара өчүп кала турчу сызыкча* |
| *белгилөө калеми* | *щетка, каллиграфиялык калем* |
| *байланыштар диаграммасы* | *геометриялык фигуралар* |
| *өчүргүч* | *таштанды кутусу, өчүрүү* |
| *текст киргизүү* | *тандоо, жылдыруу* |
| *толтуруу* | *анимациялоо* |
| *теңдеме редактору* | *геометриялык куралдар* |
| *такта* | *медиатека* |

## Кеңештер

*Геометриялык конструкцияларыңыз үчүн сызгычты, транспортирди жана циркулду колдонсоңуз болот.*


*Чиймелерди, сүрөттөрдү жана башка объекттерди таштанды кутуга сүйрөө аркылуу, аларды оңой өчүрө аласыз.*


*Бир нерсени убактылуу көрсөтүүнү кааласаңыз, анда интерактивдүү тактадагы өз алдынча өчүп кала турган калемди колдонуңуз.*

## 1. Аны кайдан таап, кантип колдонсо болот?


*Тест редактору ар кандай түрдөгү кызыктуу көнүгүүлөрдү жана жумушчу барактарын даярдоого мүмкүндүк берет.*

*Куралдар панелиндеги Куралдар белгичесин басып ❶, Тест редакторун тандаңыз ❷.*







*Биринчиден, кандай түрдөгү көнүгүү даярдагыңыз келээрин тандап алыңыз ❸. Тест редактор бир нече варианттуу суроолордон баштап, татаал карталуу көнүгүүлөргө чейин, көнүгүүлөрдүн ар кандай түрлөрүн камтыйт.*





## 2. Шаблондор

*Программа тапшырманын түрүнө жараша, ар кандай дизайндагы жана структурадагы даяр шаблондорду сунуштайт. Сиз жалаң гана тексттен турган көнүгүүлөрдү даярдай аласыз, же көнүгүүлөрүңүзгө ар кандай мультимедиялык мазмунду, Медиатекадан киргизе аласыз.*

*Көнүгүүңүздү даярдоо үчүн, шаблонду тандаңыз ❹.*



## Кеңеш

*Сүрөт, аудио жана видео сыяктуу мультимедиа мазмундарын көнүгүүлөрүңүзгө киргизүү үчүн, Медиатеканы колдонуңуз.*

## 1. Көнүгүүлөрдү даярдоо

*Тандаган шаблонго текстти жана мультимедиялык мазмунду киргизген соң, туура жоопторду белгилеңиз.*


*Шаблондогу кээ бир пункттарды өзгөртүп, мүмкүн болгон жооптордун санын ❶ коюп же көнүгүүлөрдүн жайгашкан жерин өзгөртө аласыз ❷. Жаңы көнүгүүлөрүңүздү публикацияңызга киргизип ❸ же жумушчу барагын түзүү үчүн ага жаңы көнүгүүлөрдү кошсоңуз да болот.*




*Жаңы көнүгүү кошуу үчүн, андан мурунураак даярдаган көнүгүүнү жаап ❹, жаңысын ачыңыз ❺.*
*Тапшырма барактагы көнүгүүлөргө кирүү үчүн, төмөнкү оң жактагы белгичени басыңыз ❻. Даяр болгон тапшырма барагын, публикацияга кыстарып сактай аласыз ❸.*

## 2. Көнүгүүлөрдү аткаруу жана текшерүү


*Көнүгүүнү ачуу үчүн, анын сүрөтчөсүн басыңыз. Көнүгүүлөрдүн көрсөтмөлөрүн аткарып, туура жоопторду тандап, жоопторду туулап же иреттеңиз, ж.б.*




*Көнүгүүлөрдү аткарып бүткөндөн кийин, аларды текшерүү үчүн, Текшерүү белгичесин басыңыз ❼.*

## 3. Мурантадан даярдалган көнүгүүлөрдү кантип түзөтүү керек

*Эгерде мурда түзүлгөн көнүгүүлөрдү оңдоону кааласаңыз, анда көнүгүүнүн белгичесин көпкө басып туруп, калкыма менюдан чыккан Редакциялоо функциясын тандаңыз ❽.*




## Куралдар менен көнүгүүлөрдү түзүү


*mozaBooktun кээ бир куралдары кийинчерээк Тест редактору тарабынан түзөтүлө турган көнүгүүлөрдү автоматтык түрдө түзүү үчүн иштелип чыккан. Андыктан, абдан кыска убакыттын ичинде кызыктуу жумушчу барактарын дярдай аласыз.*

*Көнүгүүлөрдү даярдоо үчүн ачыңыз*

- *Тест редакторду же*
- *көнүгүүлөрдү даярдай ала турган куралды.*




*Эгер колдонгуңуз келген көнүгүүнү тапсаңыз, анда көнүгүүлөрдү автоматтык түрдө түзүү белгичесин басың ❷, Тест редакторго экспорттоңуз. Ал жерден кааласаңыз, аны андан ары түзөтө аласыз.*




*Куралдан көнүгүү режимин ❶ тандап, зарыл болсо, көнүгүүлөрдүн кайсы түрлөрүн түзгүңүз келгенин белгилеп алыңыз.*

## Артыкчылыктар

- *Өзүңүздүн суроолоруңузду ойлоп табуунун кереги жок*
- *Сүрөттөрдү издөөнүн кереги жок*
- *Жөн гана тема тандаңыз жана көнүгүү даяр.*

*Көнүгүүлөрдү кийинчерээк түзөтө аласыз.*




## 3D үлгүлөрүн көнүгүүлөр менен түзөтүү

*Көп сандаган 3D үлгүлөр, көнүгүүлөрдү автоматтык түрдө түзүүгө жана аларды Тест редакторуна импорттоого ыңгайлаштырылган. Эгерде бул функцияны учурдагы көрүнүш үчүн колдонуу мүмкүн болсо, анда төмөндөгү панелдин белгисин басыңыз ❶.*
*Ачылган менюдан жеткиликтүү көнүгүү түрлөрүнүн бирин тандан ❷, "Жасоо" баскычын бассаңыз ❸, көнүгүүлөр Тест редакторунда автоматтык түрдө ачылат. Көнүгүүлөрдүн ар кандай түрлөрү ар кандай көз караштa түзүлүшү мүмкүн.*











*Сабактын темасына тиешелүү 3D үлгүнү таап, ылайыктуу көнүгүү түрүн жана көрүнүшүн тандаңыз.*
*Көнүгүүнү жасоодон мурун деле түзөтсөңүз болот. Эгер зарыл болсо, Тест редактордо көнүгүүгө андан ары өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүн ❻.*
*Тест редактор бардык муктаждыктарыңызга жооп берет.*

## Көнүгүүлөрдү кантип аягына чыгаруу керек?


- *Тизмедеги сөздөрдү колдонуп сүрөттөрдү белгилеңиз ❹,*
- *боштуктарды ылайыктуу сөздөрдү коюп толтуруңуз ❺,*
- *жуптарды дал келтирип, туура жоопту тандаңыз.*

## 1. Тапшырмалуу иш-аракеттер

*Жумушчу барагында бир нече көнүгүү бар болсо, анда аларды ирээттей аласыз. Жумушчу барагынын каптал тилкесин ачып ❶, ордун алмаштырыгыңыз келген көнүгүүлөрдү тандап, аларды керектүү жерге койуңуз ❷.*





*Учурдагы көнүгүүлөрдүн ❸ мазмунун (сүрөт, видео, аудио, текст) же дизайнын өзгөртүү менен редакциялай аласыз ❹. Куралдар кутучасындагы палитра белгисин ❺ басып, тапшырманын дизайнын өзгөртө аласыз ❻.*




## 2. Жумушчу барагынын настройкалары

*Куралдар панелиндеги Настройкалар белгисин ❼ басып, Жумушчу барагынын настройкаларын ачсаңыз болот. Бул настройкалар, учурдагы көнүгүүлөргө гана эмес, бүтүндөй жумушчу барагына да таасирин тийгизет.*





## Кеңештер


- *Жумушчу барагыңыз үчүн Титул барагын, Маалымат барагын же Жыйынтык барагын даярдап, анын аткаруу мөөнөтүн белгилей аласыз ❽.*
- *Көнүгүүлөрдү туш келди тартипте жайгаштырып, оңдоолорду киргизип, же аларды кайра баштапкы абалына келтирүү мүмкүнчүлүгүн орното аласыз.*
- *Өзүңүз даярдаган жумушчу барактарды mozaWebге жүктөп, башка колдонуучуларга жеткиликтүү кыла аласыз ❾.*
- *Кээ бир mozaBook версияларында, көнүгүүлөрдү үй жумушчу катары дагы бере аласыз.*

## 1. Дептерлерди эмне үчүн колдонууга болот?

Өздүк дептериңизди mozaBookта түзүңүз. Дептерлердин барак беттерине жазып, чийип, ар кандай электрондук мазмунду (сүрөттөрдү, видеолорду, аудиолорду, 3D үлгүлөрдү же көнүгүүлөрдү) киргизиңиз. Таасирдүү презентацияларды жана сабак пландарын түзүп, аларды электрондук китеп сыяктуу колдонуңуз ❶.

Сакталган Дептерлериңизди башка колдонуучуларга жеткиликтүү кылуу үчүн, mozaWeb сайтына жүктөңүз. Бардык мазмунуңузга mozaBook орнотулган каалаган компьютерден кирүү үчүн, онлайн синхрондоштуруу кылыңыз.




## 2. Дептерлерди кантип ачуу керек?


Куралдар панелиндеги Ачуу белгичесин басып ❷, Дептер менюсун тандаңыз ❸.

Калкыма терезеден ❹ дептерлериңизди таба аласыз.

Аларды ачуу үчүн бирди басыңыз.

Эгер тизме өтө узун болсо, анда чыпкалоо фукнцияларын тема же класс боюнча колдонуңуз ❺.

Настройкаларды ❻ басып, каалаган дептерди өчүрсөңүз дагы болот.




## Кеңеш

Дептерлерге mozaWeb сайтындан да кирүүгө болот.


Жүктөө белгичесин басып ❼, калкыма Медиатека терезесинен дептерди тандаңыз.

Жүктөлгөн дептерди, өз компьютериңизде колдонуңуз.


# Дептерлер

## 1. Жаңы дептерди кантип түзүү керек?

*Ачык дептерлер жок болсо, Куралдар панелиндеги Жаңы барак белгисин басып, жаңы дептер түзө аласыз ❶. Ушул эле функция аркылуу, мурунтан ачылган дептерге жаңы барак коша аласыз.*




*Эгер мурда эле түзүлгөн дептериңиз бар болсо, бирок кошумча жаңы дептер түзүүнү кааласаңыз, анда Куралдар панелиндеги Ачуу белгисин басып, Жаңы дептер менюсун тандаңыз ❷.*







## 2. Дептерлерди настройкалоо


*Программада жаңы дептерди түзүүдөн мурун, аны настройкалоо керек:*

- *баракты туурасынан же тигинен коюу жана бир беттүү барак же кош беттүү барак көрүнүшүн коюу ❸,*
- *бет сызыктарын коюу,*
- *арка фонду тандоо ❹,*
- *беттин түсүн коюу.*

*Настройкаларды бүткөндөн кийин, бул белгини ❺ басыңыз.*

## 3. Даяр шаблондор менен тез жана оңой


*Алдын ала даярдалган макеттерди (шаблондорду) колдонуп, өзүңүзгө эң ылайыктуу дептерди оңой түзсөңүз болот.*




- *Шаблондорду ❼ тандоо жана алкактарды мазмун менен толтуруу үчүн, Шаблондор өтмөгүн басыңыз ❻.*
- *Дептер беттериндеги алкактардын өлчөмүн өзгөртсөңүз же жылдырсаңыз болот.*

## 4. Дептерлерди сактоо

*Дептерлерди сактоо үчүн, куралдар панелиндеги Ачуу белгичесин басып, Сактоону тандаңыз. Дептериңиздин аталышын киргизип ❽, теманы, бааны жана тиешелүү публикацияны тандаңыз, жана мукаба сүрөтүн кошуңуз ❾. Дептердин кыскача мазмунун жазыңыз.*




## Кеңештер

- *Презентациялар үчүн горизонталдуу дептер эң ылайыктуу, ал эми китепке окшош эки барактуу форматтар класстык иш үчүн ылайыктуу келет. Дептерди түзүп жатканда, өлчөмдөрүнүн туура тандалышына көңүл буруңуз ❿.*
- *Топтон тандалып алынган туш келди сүрөттөрдү, дептер беттеринин арка фону кылып колдонсоңуз болот ⓫.*

## 1. Дептерлерди кантип иллюстрациялоо керек?

*Дептердин беттерине жазууга, чийүүгө, жана ар кандай мультимедиялык жана интерактивдүү мазмунду киргизүүгө болот.*

## 2. Дептердин беттеринде иштөө

***Тандоо*** • *Эгер баракчадагы элементти көпкө басып турсаңыз, анын айланасында алкак пайда болот ❶ жана редакторлоо менюсу ачылат ❷. Эгер Куралдар панелиндеги ❸ Колдун белгисин басып, андан кийин нерсени басып турсаңыз да ушундай болот. Бул болсо редакторлоо режими.*


***Өзгөртүү*** • *Алкактын ар кандай чекиттерин карман туруу менен, тандаган элементти жылдырууга, өлчөмүн өзгөртүүгө, кесүүгө, айландырууга ж.б. кылууга болот.*


***Тез меню*** • *Алкактын жогору оң бурчундагы ❹ Тез менюну басып, элементти андан ары оңдоп-түзөтүүгө болот ❺.*

## 3. Тез меню

*Баракчанын каалаган жерин басып турсаңыз, Тез меню ачылат ❻, бул менюда:*

- *Анимациянын куралдар панелин ачуу,*
- *дептерге жаңы барак кошуу,*
- *дептердин касиеттерин коюу,*
- *барак беттерин ачуу,*
- *каалаган масканы коюу,*
- *кичирейтүү же чоңойтуу,*
- *көмөкчү көрсөтмөлөрдү көрсөтүү,*
- *кыстарма барактар,*
- *элементтерди тандоо же кыстаруу,*
- *элементтерди бекитүү же жок кылуу функциялары бар.*





## Кеңештер


*Ошондой эле, текстти экранга терүү үчүн клавиатураны колдонсоңуз болот ❼. Бул функцияны активдештирүү же өчүрүү үчүн Клавиатуранын белгичесин басыңыз ❽.*
*Редакторлоо менюсун экрандын каалаган жерине жылдырып же үстүнө эки жолу басуу менен жаап койсоңуз болот.*
*Теңдеме редакторун колдонуп, ар кандай математикалык туюнтмаларды жана формулаларды оңой жазсаңыз болот ❾.*
*Эң көп колдонулган функциялардын белгичесин, mozaBook иш столунда көрсөтсөңүз болот (Таштанды челек, Тандалмалар бөлүмү, Галерея, Тапшырмалар панели...) ❿.*

# Байланыштар диаграммасы

## 1. Аны кайдан табуу керек жана эмне үчүн колдонуу керек?


*Куралдар панелинен ❶ Редакторлоо менюсун ачып, Байланыш диаграммасын ❷ тандаңыз. Аны объекттерди бириктирүү үчүн колдонуңуз. Объекттерди канчалык жылдырсаңыз да, байланыштар эч өзгөрбөйт. Бул чийүү куралын, байланыштар менен процесстерди көрсөтүү үчүн колдонуңуз.*





## 2. Объекттерди кантип бириктирүү керек?

*Эгер байланыштар диаграммасынын куралдар панели ❸ ачык болсо, аларды туташтыруу үчүн объекттерди тандап, басыңыз.*








## Кеңештер

*Тандаган текст кутучасынын формасын, байланыш диаграммасынын куралдар тилкесинде ❹ өзгөртө аласыз.*

*Байланыштарды көрсөтүү үчүн, ар кандай сызыктарды жана жебелерди колдонуңуз ❺.*

## 3. Текст кутучасын кантип түзүү керек?





*Байланыш диаграмма тилкесин ачып, текст кутучасын түзүү үчүн, бош жерди эки жолу басыңыз ❻.*

*Текст кутучасын басып, мазмунду түзөтүңүз.*

## 1. Анимациялык куралдарды кайдан табуу керек?

*Куралдар панелиндеги ❶ Редакторлоо менюсун ачып, Анимация бөлүмүн тандаңыз ❷.*




## 2. Анимацияны даярдоо

***1-кадам:** Тартуу, чийүү куралдардын жардамы менен, мурда үйрөнгөн ыкманы колдонуп, анимацияңызды бүтүрүңүз: баракчаңызга сүрөттөрдү, куралдарды, текстти жана өзүңүздүн чиймелериңизди кошуңуз.*

***2-кадам:** Анимация курал белгичесин басыңыз. Анимацияңыздагы элементтерди каалаган тартипте белгилеп алып, ар бирине анимация эффекттерин орнотуңуз.*






## 3. Объектти анимациялоо (азыркы учурда бир сүрөттү)


*A) Анимация даярдоо бөлүмүн ачыңыз ❷.*

*B) Анимациялагыңыз келген объектти басып (бул сүрөттү) ❸.*

*C) Анимация куралдар панелинен анимация опциясын тандаңыз ❹.*






## 4. Анимацияны ачуу

*Анимацияңыз даяр болгондо, Анимация настройкаларын жаап ❺, барак бетинин ылдый жагында жайгашкан жебелердин жардамы менен анимацияны ачыңыз ❻.*




## *1. Геометриялык куралдарды кайдан тапса болот?*


*Куралдар панелиндеги Редакторлоо белгичесин басып ❶, менюнун Геометрия пунктун тандаңыз ❷ же Калем Кутучасындагы геометрия куралдарынын белгичесин басыңыз.*





## *2. Аларды кантип колдонуу керек?*


*Куралды өз баракчаңызда көрүү үчүн, анын белгичесине басыңыз ❸. Кээ бир куралдар ар кандай пункттарда жайгашышы мүмкүн. Куралдын түрүнө жараша, ар кандай тапшырмаларды аткарууга болот. Куралдардагы суроо белгисин басып, ар кандай жардам алсаңыз болот ❹.*





## *3. Циркульду жана сызгычты колдонуу*








## 1. mozaBookка Коюу менюсу

*Бул менюну, скетчтерди, кошумча тексттерди жана шилтемелерди публикацияга киргизүү үчүн колдонуңуз.*




## 2. Скетч жана кошумча текст

*Коюу менюсундан ❶ Скетчти ❷ тандаңыз. Жаңы скетчти даярдоодо барактын өлчөмүн, арткы фондун текстурасын жана түсүн ❸ коюу керек.*




*Sketchbookтун барак беттерине жазып, сүрөт тартып же чиймелерди чийүүгө жана Медиатекадан сүрөттөрдү киргизип, анимациясыны, мамилелер диаграммасын түзүүгө болот.*


*Даярдалып бүткөн эскизди, публикацияга жана дептерге киргизсеңиз болот.*

*Эгер текстти гана киргизүүнү кааласаңыз, анда Кыстаруу менюсундагы ❹ Эскертүү баскычын басыңыз.*

## 3. Веб шилтемеси жана онлайн видео

*Публикацияларга веб-шилтемелерди жана онлайн видеолорду ❺ киргизсеңиз болот. Шилтемелер mozaBook браузери тарабынан ачылат.*

*Шилтеменин же видеонун аталышын киргизип, туура URL дарегин киргизиңиз. Эгерде изделе турчу ачкыч сөздөрдү киргизсеңиз, анда mozaBookтун издөө функциясы менен шилтемени оңой табууга болот ❻.*




## 4. Баракчанын шилтемеси

*Тандалган публикациянын белгилүү бир бетин ачуу үчүн, атайын шилтеме түзсөңүз болот. Биринчиден, шилтеме бергиңиз келген барак бетин таап, Коюу менюсундан Барак шилтемесин тандаңыз ❼.*

*Шилтемени киргизгиңиз келген жерге кайтып, киргизүү үчүн Текшерүү белгисин басыңыз.*


## 5. Кыстарма өтмөгү

*Китептерге жана дептерлерге кыстарма өтмөгүн белгилеп, өзүңүз каалаган баракты ачыңыз.*

## Дептерлерди кантип көчүрүп алуу керек?


*Программа дептерлериңизди бир нече компьютерден ачуунун эки жолун сунуштайт.*

1. *Дептериңизди USB флэшкага көчүрүп алып, Интернетсиз эле ачуу.*
2. *Дептерлериңизди интернет аккаунтуңузга көчүрүп алып, mozaBook бар интернетке туташкан каалаган компьютерден ачуу.*





## 1. USB флэш-дисктин жардамы менен синхрондоштуруу

*Ачык панелдеги Синхрондоштуруу менюсун басып ❶. Калкыма терезеден дептерди ❷ жана дискти ❸ тандаңыз. Синхрондоштурууну баштоо үчүн, ортодогу жебени басыңыз ❹.*





*USB флэш-дискти башка компьютерде колдонуп жатсаңыз, анда синхрондоштуруу менюсундагы карама-каршы жебени басып, дептериңизди синхрондоштура аласыз.*

## 2. Интернет аккаунтуңуздун жардамы менен синхрондоштуруу




***Бөлүшүү*** • *Бөлүшүү менюсун басып ❺, mozaWebre Жүктөө баскычын басыңыз ❻.*

*Дептериңизди ❼ кимдер көрө аларын белгилеп, издөө үчүн зарыл болгон маалыматтарды (ачкыч сөздөрдү, теманы, баа жана тиешелүү публикацияларды) киргизиңиз. Андан соң, дептериңизди mozaWeb аккаунтуңузга жүктөңүз ❽.*





***Жүктөө*** • *Медиа панелдеги Дептер менюсун басыңыз ❾.*

*Жеткиликтүү болгон дептерлердин тизмесинен, каалаган дептерди тандап, Жүктөө баскычын басыңыз.*


## Кеңештер

- *Дептерлериңизге киргизген бардык өзгөртүүлөрдү, онлайн аккаунтуңузга автоматтык түрдө сактоону, mozaBookтан орното алыңыз ❿.*
- *Ошондой эле электрондук почта аркылуу бөлүшүү функциясын тандап, дептерлериңизди досторуңузга электрондук почта аркылуу жөнөтө аласыз ⓫.*



## Көрүүгө оңой, иреттелген барактар

*mozaBookтун анимацияланган шаблондорун колдонуп, кызыктуу презентацияларды, так структураланган дептерлерди даярдаңыз. Дептер барактарынын рамкаларын каалагандай жылдырып, өлчөмүн каалагандай өзгөртсөңүз болот.*





## Аларды кантип колдонуу керек


*Дептерди түзүүдө, Шаблондор өтмөгүн басып ❶, Калкыма терезеден дептериңиздин барагына ылайыктуу болгон шаблонду ❷, стилди ❸ тандаңыз, жана "Анимацияланган" ❹ кутучасын белгилеңиз. Белгилөө кутучасын ❺ басып, орнотууларды сактаңыз. Эгер мурунтан эле ачылган дептериңиз бар болсо, Шаблондор өтмөгүнө кирип, тез менюдагы Барактын фону менюсун басыңыз.*




- *Текст алкагын басып, ага кошумча жазууларды жазыңыз ❻.*
- *Тандалган сүрөттү, 3Dны же видеону Медиатекадан алкака алып келиңиз ❼.*
- *Сүрөттөрдүн өлчөмүн ❽, тексттик алкактардын санын ❾ өзгөртүп, шаблондогу анимацияны күйгүзүп же өчүрө аласыз ❿.*

*Ар бир алкак үчүн, башка-башка медиа элементтерди колдоно аласыз. Даяр болгон тапшырма барагындагы сүрөттү, видеону же 3Dны ачуу үчүн, текстти басыңыз.*



# mozaWeb боюнча дептер


## Дептерлериңизди mozaWebde ачыңыз

Ошондой эле, mozaBookта түзүлгөн дептерлериңизди, mozaWeb сайтына дагы жүктөсөңүз болот ❶. Электрондук китептердей эле, дептериңиздин беттерин барактоого, киргизилген кошумча интерактивдүү мазмундарды оңдоп-түзөөгө дагы болот.





## Mozaik TEACHER жана Mozaik STUDENT ке жазылуу

- Тема ❸ боюнча топтоштурулган жана бир нече миң интерактивдүү элементтерди камтыган, Медиатеканын ❷ толук мазмунуна кире аласыз.
- Темага негизделген куралдарды жана оюндарды колдоно аласыз.
- Ошондой эле mozaWebде жумушчу баракчасын түзүү үчүн, Тест редакторду колдоно аласыз, жана аларды mozaWeb порталынан окуучуларга үй тапшырмасы катары жөнөтө аласыз.
- Дептерлерди бир эле учурда бир нече компьютерде ачып колдонууга болот. Андыктан мугалимдер аларды биргелешип оңдоп ❹, ал тургай бири-бирине билдирүүлөрдү жаза алышат (биргелешип иштөө режиминде).




## Көнүгүүдептерлерин кайдан тапса болот?


mozaBookка кирүү үчүн колдонгон, mozaWeb онлайн аккаунтуңузду жана сырсөзүңүздү, mozaWebге кириңиз.
Сизге жеткиликтүү болгон mozaBook дептерлерин көрүү үчүн, Медиатека менюсундагы "Дептер" бөлүмүн ❺ тандаңыз.
Чыккан жыйынтыктарды темалар боюнча иреттеп, ачкыч сөздү киргизиңиз.
Тандалган дептерди ачыңыз.



# Издөө

## 1. Публикациялардан текстти табуу

Куралдар панелинен Издөө белгичесин тандаңыз ❶.




Изделе турчу текстти, калкыма менюдагы активдүү публикациядан таба аласыз ❷. Издөө жыйынтыктары белгиленип чыгат.

Эгерде бир нече жыйынтык болсо, чыккан тизме боюнча жебенин жардамы менен карасаңыз болот ❸. Ошондой эле, бардык жыйынтыктарды төмөндө чыккан тизмеден карасаңыз болот ❹.


Эгер тизмедеги чыккан жыйынтыктардын бирөөнү бассаңыз ❺, сизге керек болгон публикациянын бети ачылат.




## 2. mozaBook функцияларын жана көрсөткүч куралдарын табуу

Негизги терезе башында жайгашкан лупа белгисин тандаңыз ❻. Ачылуучу терезеге ачкыч сөздү киргизиңиз ❼.

Ачкыч сөзү камтылган бардык mozaBook публикациялар, функциялар жана куралдар тизмеленип чыгат.





Эгерде табылган элементтердин жанындагы Көзчө сүрөтчөсүн ❽ бассаңыз, mozaBook меню тутумундагы белгилүү бир функцияны же куралды табуунун эң оңой жолун көрсөтөт ❾.

Эгерде бир элементти бассаңыз, функция же курал жүктөлөт же публикация ачылат.




**Кеңеш** • Программанын өзүнөн чыкпай туруп Интернеттен издөө үчүн, Издөө панелин колдонуңуз ❿.




# Жардамды кантип колдонсо болот


## 1. Кайдан жардам алса болот?

*Терезенин башындагы суроо белгисин басып, mozaBook Жардамдын бардык функцияларын кантип колдонуу керектиги жөнүндө жалпы жана толук маалыматты, ошондой эле башка мүмкүнчүлүктөрдү тапсаңыз болот ❶.*
*Терезенин башындагы суроо белгисин басуу менен, кээ бир куралдар үчүн түздөн-түз жардам алсаңыз ❷, же башка функцияларды тапсаңыз болот.*

*Тексттик Жардамды ачуу ❸.*

*mozaBookту жана орнотулган куралдарды колдонууну оңой үйрөнүүгө жардам бере турган видео сабакты ачыңыз ❹.*




## Издөө

*mozaBook Жардам функциясы, тема боюнча топтоштурулган маалыматтарды табат. Сиз темалардын ортосунда алдыга/артка жылып ❺, же каалаган убакта башкы бетке кайтсаңыз болот ❻.*

*Жардам терезесинин ылдый жагында, сизге керектүү маалыматты табууга жардам бере турган издөө талаасы бар ❼.*


## Кеңештер

*mozaBookтун эң көп колдонулган функциялары менен, Биринчи кадамдар менюсунан тааныша аласыз ❽.*

*Ошондой эле программаны колдонуу боюнча кеңештерди жана сунуштарды алсаңыз да болот ❾.*

*Эгерде компьютериңизде mozaBookтун көп тилдүү версиясы орнотулган болсо, анда сиз программанын тилин да өзгөртө аласыз.*

*Ошондой эле көрсөткүч курал боюнча өз ой-пикириңизди жөнөтсөңүз болот ❿.*




## 1. Мультимедиалык жаздыргыч деген эмне жана аны кайдан тапса болот?

*Скриншотторду сактоо, аудио же видео жаздыруу үчүн, бул функцияны колдонуңуз. Бул функцияны иштетүү үчүн Куралдар панелиндеги Скриншот белгичесин басыңыз ❶.*




## 2. Скриншотторду сактоо


*Менюну колдонуп, сактагыңыз келген скриншот түрүн жана сактагыңыз келген экрандын аймагын тандаңыз. Скриншотторуңузду Сакталган скриншоттор папкасынан ❷ публикацияларга киргизсеңиз болот.*


## 3. Аудио жаздыруу

*Эгер компьютериңизде микрофон болсо, аудио жаздыруу үчүн mozaBook аудио жаздыргычты колдонуңуз. Аудио жаздыргыч менюсун тандаңыз ❸. Жаздырууну баштоо үчүн REC баскычын басыңыз.*





*Жаздырууну токтоткондон кийин, ал автоматтык түрдө ачылат. Аудио жаздырууну публикацияңызга дароо киргизсеңиз болот ❹. Ал жаздырууңузду кийинчерээк куралдар панелиндеги Аудио жаздыргыч папкасынан же Медиатекадан таба аласыз.*








## 4. Экран видеосун жаздыруу

*Компьютериңиздин экранындагыларды жаздырып алуу үчүн, Видео жаздыргычты колдонуңуз. Эгер компьютериңизде микрофон болсо, анда үн дагы жаздырсаңыз болот. Видео жаздыргыч менюсун тандаңыз ❺.*




*mozaBookтун экран бетин же компьютериңизде ачык болгон ар кандай тиркеменин экран бетин жаздырып алуу үчүн, mozaBookтун Жашыруу функциясы белгичесин ❻ басыңыз. Экранды толугу менен жаздыруу же бир гана бөлүгүн жаздыруу зарылчылыгын өзүңүз тандайсыз ❼. Жаздырылып алынган мультимедиалык мазмунду, Медиатекадан же түздөн-түз жаздыргыч куралдар панелинен таба аласыз ❽.*




## 1. Кантип басып чыгаруу керек?

*mozaBook дептериңиздин каалаган барагын же бүт мазмунун басып чыгарууга мүмкүндүк берет. Түздөн-түз принтерге же файлга басып чыгарсаңыз болот.*


*Ал үчүн Куралдар панелиндеги Китеп белгичесин басып ❶, калкыма менюдан Басып чыгарууну тандаңыз ❷.*

## 2. Принтерден басып чыгаруу

*Эгер компьютериңизге принтер туташкан болсо, адегенде төмөнкү тизмеден ❹ иш-аракеттин аталышын басып, анан принтерди тандаңыз ❸.*


*Принтериңиздин моделине жараша, төмөнкү параметрлерди орнотуңуз:*

- *Басылып чыга турган беттерди тандоо ❺.*
- *Кагаз өлчөмүн тандоо ❻ жана кагаз четтерин өлчөмүн белгилөө ❼.*
- *Бир бетке басыла турган барактардын санын тандоо ❽.*
- *Түстүү же ак-кара түстө басып чыгаруу режимин коюу.*
- *Бир жактуу же эки тараптуу басып чыгаруу режимин коюу.*
- *Дептериңизде кайсы элементтин (белгичелер, беттин номери, чек арасы, сызыктар жана/же арткы фон) принтерде көрүнүшү керектигин белгилөө ❾.*




## 3. Файлга басып чыгаруу

*Файлга басып чыгарууда файлдын форматын тандай аласыз (png, jpg, pdf же Microsoft XPS). Бул файлды публикацияңызга киргизсеңиз же кийинчерээк басып чыгарсаңыз болот.*




## Кеңеш

*Басып чыгаруу менюсундагы Басып чыгарууну алдын ала көрүү терезеси ❿, сиздин настройкаларыңыз боюнча басып чыгарылган версия кандай болоорун алдын ала көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.*

# Колжазманы таанытуу

## 1. Качан колдонуу керек?

Интерактивдүү тактага текст киргизүү үчүн, mozaBookтун колжазма таануу функциясы, экрандагы клавиатуранын ордуна өз кол жазмаңызды колдонууга мүмкүнчүлүк берет.


## 2. Системалык талаптар


mozaBookтун колжазма таануу функциясы, Windows 7 жана андан кийинки версияларында иштейт .

Колжазма таануу функциясы жеткиликтүү болгон тилдер, компьютериңизде орнотулган тил топтомдоруна жараша болот ❶.

## 3. Кантип колдонуу керек?

Куралдар панелиндеги Кол менен сүрөт Тартуу белгичесин басып ❷, тактага каалаган бир нерсе жазыңыз ❸.
Жазгандарыңызды тандап алып, андан соң объекттин ❹ Тез менюсунан Таануу функциясын ❺ тандаңыз.
Бул функция, сизге керек болгон текстке альтернативалардын тизмесин көрсөтөт ❻.
Туура альтернативаны басуу аркылуу, mozaBook кол жазмаңызды терилген текстке ❼ айлантат жана аны текст объектиси катары карайт.








## 4. Колжазма таануу функциясы аркылуу издөө

Кол менен жазылган текстти тандагандан кийин, тез менюдан Издөө пунктун тандаңыз ❽. Бул болсо сизге текстке альтернативалардын тизмесин көрсөтөт. Ал тизмеден издегиңиз келген текстти тандасаңыз болот ❾. Интернеттен, галереядан жана ачык публикациядан издесеңиз болот ❿.
Ошондой эле mozaBookтун Издөө тилкесине колжазманы түшүрүү менен издөөгө да болот. Бул аркылуу колжазманы таануу автоматтык түрдө ишке ашат жана мааниси боюнча издөө башталат.

## Ар тараптуу настройкалоо мүмкүнчүлүгү


*mozaBook колдонуучу интерфейсин күнүмдүк иш процессиңизге жараша ылайыкташтыра аласыз.*





### 1. Иш столунда жайгашкан белгичелер

*Сиз көп колдонгон функциялардын (Таштанды кутучасы, Тандалмалар, Калем жана Медиатека) белгичелерин mozaBook тактасынын каалаган жерине орнотун алып, аларды ошол жерден дароо ачсаңыз болот ❶. Куралдар панелиндеги Настройкалар белгичесин басып ❷, Көрүнүш менюсундагы Иш Столунун белгичесин тандаңыз ❸. Иш столунда ачкыңыз келген белгичелерди тандаңыз ❹.*

*Негизги терезенин аталыш тилкесинде Иш столунун белгичелери менюсун ❺ ачып, ошондой эле, иш столунан иштетип же өчүрө аласыз.*




### 2. Каптал тилкеси жана толук экран режими




*Экрандын эки тарабында эки кичинекей өтмөк бар ❻. Алардын бирин басып, каптал тилкени ❼, эскизди ❽ же жаңы дептерди ачыңыз. Экрандын Каптал тилкеси, ошондой эле презентацияны тактада тез ачуу үчүн иштелип чыккан. Менюну жабуу үчүн, кичинекей үч бурчтукту колдонуңуз. Ошол сыяктуу эле, толук экран режимине өтүңүз ❾. Бул режимде менюга кирип, навигация жебелеринин жанындагы кичинекей белгичени басып, толук экран режиминен чыгыңыз ❿.*

### 3. Настройкалар менюсу ⓫

- *Дисплей – Меню, Куралдар панели, Каптал тилкеси, Карандаш кутусунун дисплейи, Менюнун абалы, бурулуш барагы, аталышы, арткы фон, орнотуу баскычтары жана белгичелер ...*
- *Операция – mozaWeb, экстралар, браузер, сактоо.*
- *Чычкан жана тийүү – Чычкан жана такта настройкалары.*
- *Иш столунун белгичелери – Иш столунун белгичелерин иштетүү жана өчүрүү.*
- *Тилдер – mozaBook жана клавиатуранын тил жөндөөлөрү.*
- *Аккаунт – Кирүү режимин коюу, колдонуучу атын же сыр сөздү өзгөртүү ...*
- *Статистика – Статистикалык маалыматтарды чогултууга уруксат берүү же четке кагуу.*
- *Система – mozaBook файл менен иштөө, сактоо, тарыхча.*

# Үй тапшырма




## Жаңы ыкмадагы үй тапшырма

*Тест редактору аркылуу түзүлгөн көнүгүүлөрдү, үй тапшырма катары бере аласыз. mozaBook менен окутулган класстарга, топторго же жеке окуучуларга берилген көнүгүүлөрдү жаздырып алып, өз алдынча башкара аласыз. Мунун менен, окуучулардын унутулган же үйдө калган үй тапшырмалары болбойт.*



*Окуучулар Үй тапшырма шилтемесин басуу аркылуу үй тапшырмасын ачып, көнүгүүлөрдү онлайн режиминде аткара алышат.*




*Жаңы үй тапшырма берилгенде, программа окуучуларга электрондук почта аркылуу теманы жана тапшыруу мөөнөтүн кабарлап турат.*


## Системанын кандай артыкчылыктары бар?

- *Программа жөнөтүлгөн жана аткарылган үй тапшырмаларды жаздырып алгандыктан, аларды оңой баалап, көзөмөлдөй аласыз.*
- *Программа жоопторду автоматтык түрдө текшерип, чыгарылган тыянактар боюнча статистиканы түзүп, окуучулардын жетишкендиктерин баалоону жана салыштырууну жеңилдетет.*
- *Көнүгүүлөрдү каалаган интернет браузер менен онлайн режиминде аткарууга болот.*


# *Үй тапшырма*

## *Үй тапшырманы кантип коюу керек?*


*mozaBook, мурда mozaWebге жүктөлгөн жумушчу баракчасын тандоо жана аларды тандалган топ үчүн үй тапшырма катары берүү мүмкүнчүлүгүн сунат.*





*Куралдар панелиндеги ➊ Үй тапшырманын белгичесин басып, калкыма менюдан Жаңы үй тапшырма берүүнү тандаңыз ➋.*




*Үй тапшырма жөндөөлөрүн, калкыма терезеде кылууга болот.*




## *Орнотуу параметрлери*


- *Көнүгүү же тапшырмалар барагын тандаңыз ➌. Сабак жана баа боюнча чыпкалоо, жүктөлгөн жана жеткиликтүү болгон көнүгүүлөрдүн арасынан, сизге керектүү маалыматтарды оңой табууга жардам берет ➍.*
- *Кимге үй тапшырма бергиңиз келет? Топту ➎ же жеке окуучуну тандаңыз ➏.*
- *Көнүгүүлөрдү аткаруу убактысын киргизиңиз ➐.*
- *Зарыл болсо, көнүгүүлөргө кошумча көрсөтмөлөрдү кошуңуз ➑.*


*Кеңеш • mozaWeb платформасында топторду башкаруу, коюлган жана аткарылган үй тапшырма боюнча маалыматтарды карап чыгуу мүмкүнчүлүгү бар. Бул функциялар mozaBook ➒ ичиндеги Үй Тапшырма панелинде да жеткиликтүү.*

## Жумушчу барагын mozaWebге жүктөө

*mozaBook Test редакторунда түзүлгөн көнүгүүлөрдү жана жумушчу барактарыңызды mozaWebке жүктөп, аларды башкаларга жеткиликтүү кылып же үй тапшырма катары колдоно аласыз.*

*Көнүгүүнү жүктөө үчүн, публикацияга киргизилген белгичени басып, тез менюдан mozaWebге жүктөө бөлүмүн тандаңыз ❶.*





*Калкыма менюда*

- *көнүгүүлөрдү атоо ❷*
- *изделе турган ачкыч сөздөрдү киргизүү ❸*
- *теманы, классты жана тиешелүү публикацияны тандоо жана ❹*
- *тапшырманын татаалдык деңгээлин белгилөө ❺.*

*Көнүгүүлөрдү жүктөөдөн мурун, mozaWebде кайсы топторго жеткиликтүү кылгыңыз келгенин чечип, аларды көрсөтүңүз ❻.*




## Кеңеш

*Эгерде публикацияга киргизилген көнүгүүлөрдү дароо үй тапшырма катары колдонууну кааласаңыз, анда аны бир кадам менен эле жасаңыз.*

- *Үй Тапшырманын куралдар панелинде, берилген жаңы үй тапшырма коюу менюсун тандаңыз.*
- *Сиз тандаган көнүгүүлөрдүн белгичесин калкыма терезеге сүйрөңүз ❼.*
- *Жогоруда берилген иш-аракеттериди аткарган соң, үй тапшырма бериле турчу топту тандаңыз.*

## Бир эле учурда бир нече компьютерде

*Эгерде окуучулар класста компьютер же планшет колдонсо, анда алар мугалимдин компьютеринде же интерактивдүү тактада иштеген mozaBook программасына кошула алышат.*

*Ушундай эле жол менен, окуучулар көнүгүүлөрдү аткаруу үчүн өзүлөрүнүн түзмөктөрүн колдоно алышат же аларга жөнөтүлгөн санариптик мазмунду ачып ойной алышат.*

*Бул болсо, топтук ишти ого бетер кызыктуу жана натыйжалуу кылат.*







*Жекелештирилген көнүгүүлөр, жекелик жана топтук иштер жана IT түзмөктөрүн максаттуу түрдө пайдалануу*


## Мугалим...

- *сүрөттөрдү, фигураларды жана дептерлерди окуучулардын түзмөктөрүнө жөнөтүү*
- *жекелик же топтук тапшырмаларды берүү*
- *топтук ишти уюштуруу, жетектөө жана көзөмөлдөө*
- *аткарылган тапшырмаларды көзөмөлдөө*
- *жөнөтүлгөн жооптордү жана автоматтык түрдө текшерилген жооптордү көрүү*
- *чыгарылган тыянактар боюнча статистикалык маалыматтарды алуу*

## Класстык ишке кантип кошулса болот

Куралдар панелиндеги Үй Тапшырманын белгичесин басып ❶, Менюдан Байланыш түзүү пунктун тандаңыз ❷. Байланыш түзүп, класстык ишти баштаңыз.







Окуучулар сиздин компьютериңиздеги mozaBook программасына жергиликтүү тармак же Интернет аркылуу туташа алышат.

- Окуучулардан өздөрүнө тиешелүү түзмөктөрдү колдонуп, mozaBookту ачуусун сураныңыз жана
- алардын класстык ишке кошулуусу үчүн, Окуучу байланышы менюсун ❸ тандаңыз.







## Мазмунду жөнөтүү

Сүрөттөр, фигуралар, дептерлер же китептер үчүн колдонулган Тез менюну басып, же 3D үлгүлөрү жана Тест редактору үчүн колдонулган Класстык Иш функциясынын белгичесине ❼ басып, окуучулардын туташкан түзмөктөргө мазмунду жана көнүгүүлөрдү жөнөтсөңүз болот.

## Сүрөттөрдү жана иллюстрацияларды жөнөтүү

Сүрөт же фигураны жөнөтүп, же Интернеттен иллюстративдик материалды тандасаңыз да болот.



## Мугалимдин башкаруу панели

Туташкан студенттердин абалын Класстык Иш панелинен текшерсеңиз болот ❹, берилген көнүгүүлөрдүн абалына көз салып турсаңыз ❺ же корутунду да ачсаңыз болот ❻.




## Учурдагы китептин же дептердин бетин жөнөтүү

Ачылган китепти же дептерди окуучулардын түзмөктөрүндө көрсөтүүгө болот. Окуучуларга эмнени көрсөткүңүз келсе, алар ошону дароо көрө алышат.

**Кеңеш** • Аты-жөнүн же аватарын басып, жергиликтүү менюну ачып, окуучулардын түзмөктөрүндө көрсөтүлгөн мазмунду текшере аласыз ❽.




## Көнүгүүлөрдү берүү жана аткаруу

*mozaBook программасында түзүлгөн тапшырмалар, окуучулар жана топторго, "Класстык иш" функциясында эки башка жол менен жөнөтүлүшү мүмкүн.*





## Көнүгүүнү толугу менен жөнөтүү

*Көнүгүү толугу менен окуучулардын түзмөктөрүндө көрсөтүлөт ❷, алар түзмөктөрүн колдонуп, көнүгүүлөрдү аткарып, жоопторду кайра мугалимге жөнөтө алышат.*


## Жөнөкөйлөштүрүлгөн тапшырма берүү

*Окуучулар түзмөктөрдү, суроолорго жооп берүү үчүн гана колдоно алышат ❶. Суроолор мугалим тарабынан көзөмөлдөнгөн тактада көрсөтүлөт. Окуучулар көнүгүүлөрдү бир убакта аткарышат. Бардык абал мугалим тарабынан көзөмөлдөнүп турат. Бул функция көп маалымат алууну талап кылбагандыктан, класстык иш начар локалдык тармак байланышы менен да үзгүлтүккө учурабайт.*




## Жоопторду баалоо

*"Жооп" режиминде ❸ жоопторду окуучу же көнүгүү аркылуу баалоого болот. "Добуш берүү" режиминде ❹ окуучулар суроолорго анонимдүү түрдө жооп беришкендиктен, мугалимдер ар бир жоопту канча окуучу тандаганын гана көрө алышат.*



# mozaBook бир нече платформада

## Ар кандай платформада ар тараптуу колдонуу


*Электрондук китептериңизди mozaBook жана mozaWeb онлайн платформасында ачсаңыз болот. Ошондой эле, mozaBook тиркемесин орнотуп, электрондук китептериңизди планшетиңизден окусаңыз болот. Түзмөктүн операциялык системасына жараша (iOS, Android), кээ бир интерактивдүү экстралар планшеттерде чектелген функцияга менен иштеши мүмкүн. Ал эми Windows операциялык системасы менен иштеген планшеттерде, mozaBookтун бардык функциялары толук иштейт. mozaBook программасында сенсордук экран түзмөктөрү иштейт жана экрандын өлчөмүнө автоматтык түрдө ыңгайлашат. Ошондуктан аны интерактивдүү тактаптарда, ноутбуктарда жана планшеттерде колдонууга болот. Биздин интернет дүкөндө студенттер жана мугалимдер үчүн, mozaBookтун бир катар версиялары колдонууга жеткиликтүү.*


## iOS жана Android колдонуучулары үчүн

*mozaBook тиркемесин App Store же Google Play ден жүктөп алыңыз.*

*Локалдык колдонуучу атыңызды жазып, мурда сатып алган электрондук китептериңизге кирүү үчүн, учурдагы mozaWeb аккаунтуңузга кириңиз.*

*Эгерде mozaWeb аккаунтуңуз жок болсо, анда жаңы аккаунт ачыңыз.*






- *Китептериңизди планшетиңизге жүктөп, жаңы публикацияларды сатып алсаңыз болот. (Жүктөө аяктагандан кийин, mozaBookту оффлайн режиминде да колдонууга болот.)*
- *Электрондук китептердин (3D үлгүлөр, видео сабактар, сүрөттөр, аудио файлдар жана көнүгүүлөр) беттерин барактап, бет бөлүмдөрүн чоңойтуп, жана ошондой эле интерактивдүү мазмундарды коё аласыз.*
- *Китептериңиздин беттерине чиймелеп же сүрөт тартсаңыз, белгилесеңиз же кыскача жазууларды кыстарсаңыз болот.*
- *Интерактивдүү тактада же компьютерде иштеп жаткан mozaBook программасына туташсаңыз болот (класстык иштер үчүн).*

## Интерактивдүү класстык иш жана үйдөн өз алдынча үйрөнүү



*Сиз mozaBookту интерактивдүү тактада, ал эми окуучулар класста планшеттерди колдонуп, топтук ишти баштасаңыз болот. Окуучулар мугалимдин компьютерине зымсыз тармак аркылуу активдүү интернет байланышы жок туташа алышат. Ошондой эле сиз окуучуларга интерактивдүү үй тапшырмаларды жөнөтө аласыз. Алар болсо үйдөгү компьютерде үй тапшырманы аткара алышат. Окуучулардын класстык ишке катышуусу жана үй тапшырмаларды аткара алуусу үчүн, Mozaik STUDENT катталуусу болуш керек.*

## Mozaik STUDENT катталуу



**Класста**

- *Алар мугалим баштаган класстык иштерге планшеттери аркылуу кошула алышат.*
- *Алар сүрөттөрдү, интерактивдүү тиркемелерди, тексттерди жана жумушчу барактарын ала алышат.*
- *Алар үй тапшырмаларын аткара алышат.*



**Үйдө**

- *Алар өздөрүнүн электрондук публикацияларды жана орнотулган интерактивдүү кошумча мазмунду ача алышат.*
- *Алар медиатеканы чектөөсүз колдоно алышат.*
- *Алар оюн сыяктуу иллюстрациялык жана виртуалдык лаборатория тиркемелерин колдонуп, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрө алышат.*
- *Алар интерактивдүү үй тапшырмаларды аткарып, бөлүшүлгөн презентацияларга кире алышат.*

## Mozaik STUDENT pack



*Окуучулар ошондой эле Mozaik STUDENT катталууларын өз алдынча сатып ала алышат. Бирок класс үчүн топтомду сатып алуу үнөмдүү болот. 10 же андан көп катталууну, бир топтомдо олуттуу арзандатуу менен сатып алсаңыз болот.*

Licenc PACK

## Алар аны кантип колдоно алышат?



*mozaBook тиркемесин планшеттерде же уюлдук телефондордо да колдонсо болот. Андыктан окуучулар электрондук китептерди каалаган жерде, оффлайн режиминде колдоно алышат. Интернет байланышы аркылуу mozaWeb веб-сайтынан электрондук китептерди жана дептерлерди ачууга болот. Интерактивдүү мазмунга жана окутуу куралдарына чектөөсүз кирүү үчүн эч кандай кошумча программа талап кылынбайт.*

## Программаны жаңылоо

*mozaBook, бул тынымсыз өнүгүп жаткан система. Анын санариптик билим берүү мазмуну жана куралдар китепканасы тынымсыз өнүгүүдө. Ошондуктан аны мезгил-мезгили менен жаңылап туруу зарыл. Эгер сиз колдонуп жаткан программанын жаңыланган версиясы болсо, программа иштен баштаганда эскертүү билдирүүсү көрсөтүлөт ❶. Азыр орнотууну ❷ тандап, программаны жаңылаңыз.*


*Кеңеш* • *Программаны терезенин башындагы ❸ белгини басып же Настройкалар менюсунан ❹ Жаңылануу менюсун тандап, кийинчерээк жаңылоого болот.*





## Ой-пикир жөнөтүлүүдө

*Эгерде сиз mozaBookтан же биздин публикациялардан ката тапсаңыз, сураныч, биз менен бөлүшүңүз. Настройкалар панелинен Ой-пикир бөлүмүн тандаңыз ❺.*

- *Атыңызды жана электрондук почтаңызды киргизиңиз,*
- *ой-пикириңизди жазыңыз ❻,*
- *эгер ката тапсаңыз, анда ката кеткен жерди таасын сүрөттөп бериңиз,*
- *зарыл болсо, билдирүүңүздү скриншот же видео кылып же тиешелүү публикацияны жүктөңүз ❼.*



# mozaBook лицензиялары

## Лицензияларды салыштыруу

*mozaBook мектептерге, мугалимдерге, ата-энелерге жана окуучуларга класста жана үй шартында колдонуу үчүн жеткиликтүү. Колдонуучулардын муктаждыктарына жараша mozaBooktун ар кандай версиялары жеткиликтүү.*

***Колдонуучу лицензиялары** (Mozaik STUDENT, Mozaik TEACHER), колдонуучуларга ар кандай түзмөктөргө (компьютер, интерактивдүү такта, ноутбук, планшет, смартфон) өздөрүнүн логин жана сыр сөзүн колдонуу менен кирүү мүмкүнчүлүгүн берет. Колдонуучулар mozaBook жана mozaWeb экөөнө тең кире алышат. Бирок бир эле учурда бир гана түзмөктөн кирүү мүмкүн.*

***Түзмөктөргө негизделген лицензиялар** (mozaBook SCHOOL-LAB, mozaBook CLASSROOM) чексиз сандагы колдонуучуларга программаны бир эле түзмөктө колдонууга мүмкүндүк берет. Мындай учурда колдонуучуларга лицензиянын кереги жок. Лицензиянын бул түрү, бир түзмөктү бир нече мугалим же окуучу колдонгондо сунушталат. Башкача айтканда, колдонуучулардын санына карабастан, ар бир түзмөккө бир гана лицензия керектелет.*

| mozaBook лицензиялары | Канча колдонуучу колдоно алат? | Канча түзмөктө колдонууга болот? | mozaBook публикацияларын ачууга ылайыктуу | Куралдарды жана оюндарды колдонуу | Видеолор, 3D үлгүлөр, Санариптик сабактар, Сүрөттөр, Аудиолор | Өздүк презентацияңызды даярдаңыз (дептерлер) | mozaWeb системасын колдонуу | PDF файлдарынан өзүңүздүн электрондук китептериңизди ачыңыз | Интерактивдүү 3D китептер (20 том) | Интерактивдүү тактада / Проектордо / Чоңураак экранда колдонууга болот (>30") | Топ ачуу | Класстык иш | Интерактивдүү үй тапшырманы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Mozaik STUDENT | бир | бир канча | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | | | | | кошулууга болот | аткарууга болот |
| Mozaik TEACHER | бир | бир канча | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | баштоого болот | берүүгө болот |
| mozaBook SCHOOL-LAB | бир канча | бир | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | | | | | | кошулууга болот | аткарууга болот |
| mozaBook CLASSROOM | бир канча | бир | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | баштоого болот | берүүгө болот |

## Mozaik Education

*Szeged • Hungary*
*e-mail: office@mozaweb.com*
*web: www.mozaweb.com*

ACADEMICS' CHOICE™ SMART MEDIA AWARD WINNER
EDTECH AWARDS COOL TOOL WINNER
bett | AWARDS FINALIST
GESS EDUCATION AWARDS FINALIST
FRANKFURTER BUCHMESSE BEST EUROPEAN SCHOOLBOOK AWARDS

*Бул публикация Mozaik Education Ltd. компаниясынын интеллектуалдык менчиги болуп саналат жана бул публикациянын бардык автордук укуктары корголгон. Mozaik Education Ltd компаниясынын алдын ала уруксатсыз, түз же кыйыр түрдө кайра басып чыгарууга, көчүрүүгө, чет тилдерге которууга, ошондой эле, ушул интеллектуалдык продуктуну кандайдыр бир формада же кандайдыр бир каражаттар аркылуу, толук түрдө же жарым-жартылай колдонууга тыюу салынат.*

*Бул публикация абдан кылдаттык менен түзүлгөн. Бирок анын актуалдуулугу, тууралыгы, маалыматтын толуктугу үчүн компания жоопкерчилик албайт. Компания публикацияга өзгөртүүнү киргизүү укугун өзүнө калтырат.*

*Copyright Mozaik Education Ltd., 2024. Бардык укуктар менен корголгон.*